# СОТ ПРИСТАВДАРЫ КЫЗМАТЫНЫН ИШИН УЮШТУРУУ ЖАНА ИШИН КОНТРОЛДОО. СОТ ПРИСТАВДАРЫНЫН СОТТОРДУН ЖАНА УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТ АДАМДАРЫ, СОТ АТКАРУУЧУЛАР МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮНҮН ТАРТИБИ.

*Дуйшенбекова Гульнара Султанбековна*
*Кыргыз Республикасынын*
*Жогорку сотуна караштуу*
*Сот адилеттигинин жогорку*
*мектебинин окутуучусу*

# МАЗМУНУ

Ченемдик укуктук база……………………………….......................................2

Модулдун максаты ……………………………………………...............................3

Күтүлүүчү жыйынтыктар ……………………………….......................................3

## 1-ГЛАВА. СОТ ПРИСТАВДАРЫ КЫЗМАТЫНЫН ИШИН УЮШТУРУУ ЖАНА ИШИН КОНТРОЛДОО

1.1. Сот приставынын укуктук абалы ..........……………………….....................4
1.2. Сот приставдары кызматынын ишин уюштуруу жана алардын ишине контроль жүргүзүү.......…………….......................................................................5
1.3. Сот приставынын ишин уюштуруу боюнча ыйгарым укуктары …………………………………………………….................7

## 2-ГЛАВА. СОТ ПРИСТАВДАРЫНЫН СОТТОРДУН ЖАНА УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТ АДАМДАРЫ, СОТ АТКАРУУЧУЛАР МЕНЕН АЛАРДЫН КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИН АТКАРУУ ПРОЦЕССИНДЕ ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮНҮН ТАРТИБИ

2.1. Соттордун төрагалары, укук коргоо органдарынын кызмат адамдары менен өз ара аракеттенүү ………………………..........................................10

2.2. Сот аткаруучуларга көмөк көрсөтүү ……………………….........................11

2.3. Кызмат адамдары жана жарандар менен өз ара аракеттенүү...................12

КОНТРОЛДУК СУРООЛОР……………………………….................... 13

ТАПШЫРМАЛАР ...…………………………………….........................14

# ЧЕНЕМДИК УКУКТУК БАЗА

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2021-жылдын 11-прелинде референдумда кабыл алынган)
2. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси (КР 2021-жылдын 28-октябрындагы № 126 Мыйзамы менен колдонуууга киргизилди)
3. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси (КР 2021-жылдын 28-октябрындагы № 126 Мыйзамы менен колдонуууга киргизилди)
4. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы № 126 "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексин колдонууга киргизүү жана Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамы
5. Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 5-августундагы № 164 "Сот приставдары жөнүндө" Мыйзамы
6. Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 30-майындагы № 75 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы.
7. Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат боюнча кеңештин 2016-жылдын 19-августундагы № 43 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын этикасынын кодекси.
8. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментинин 2018-жылдын 25-сентябрындагы №574 буйругу менен бекитилген, сот приставдары тарабынан сот жыйналыштарында соттун төрагасынын, судьянын же төрагалык кылуучунун буйруктарын аткаруу жана сот приставдарынын соттордун ишинин белгиленген тартибин камсыз кылуу жана аткаруу өндүрүшүнө катышуу боюнча милдеттерди аткарууда кызмат адамдары жана жарандар менен өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө нускама

## МОДУЛДУН МАКСАТЫ

Угуучуларды сот приставынын ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун практикалык көндүмдөрүнө жана сот приставдарынын соттордун жана укук коргоо органдарынын кызмат адамдары, сот аткаруучулар менен өз ара аракеттенүү тартибин сактоого үйрөтүү.

## КҮТҮЛҮҮЧҮ ЖЫЙЫНТЫКТАР

Курсту аяктоодон кийин угуучулар:

- сот аткаруучунун компетенциясына тиешелүү маселелерди жөнгө салуучу кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарды туура колдоно алышат
- соттордун жана укук коргоо органдарынын кызмат адамдары, сот аткаруучулары менен өз ара аракеттенүүдө сот приставынын ролун аныктай алышат
- сот жыйналышында өз ыйгарым укуктарын натыйжалуу ишке ашыра алышат

# 1-ГЛАВА. СОТ ПРИСТАВДАРЫ КЫЗМАТЫНЫН ИШИН УЮШТУРУУ ЖАНА ИШИН КОНТРОЛДОО

Кыргыз Республикасынын "Сот приставдары жөнүндө" Мыйзамынын 7-бер. ылайык Башкы сот приставы сот приставдары кызматын башкарат жана ал ыйгарым укуктуу оргaндын - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин жетекчисинин орун басары болуп саналат.

Башкы сот приставы кызмат ордуна Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши менен макулдашылган ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы тарабынан дайындалат жана бошотулат.

Областтардын, Бишкек шаарынын улук сот приставдары кызмат ордуна Башкы сот приставынын сунушу боюнча ыйгарым укуктуу органдын жетекчиси тарабынан дайындалат жана бошотулат.

Аймактык бөлүмдөрдөгү (райондордогу, шаарлардагы жана райондор аралык түзүмдөрдөгү) улук сот приставдары, сот приставдарын кызмат ордуна Бишкек шаарынын жана тиешелүү областтардын улук сот приставдарынын сунушу боюнча Башкы сот приставы тарабынан дайындалат жана бошотулат.

КР Сот приставдары кызматы өзүнө: башкармалыкты жана СП кызматынын аймактык бөлүмдөрүн камтыйт.

## 1. 1. Сот приставынын укуктук абалы.

**Сот приставы - мамлекеттик кызматта турган жана 2016-жылдын 5-августундагы №164 "Сот приставдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен ага жүктөлгөн милдеттерди аткаруучу кызмат адамы**

Сот приставы бийликтин өкүлү болуп саналат жана кызматтык милдеттерин аткарууда мамлекеттин коргоосунда турат.

Кызматтык милдетин аткарууда форма кийимин киет, төш жетону, кызматтык ырастамасы болот.

Сот приставына Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматчыларынын атайын класстык чендери ыйгарылат.

Кызмат ордуна киришүүдө сот приставы ант берет.

Сот приставдары институту азыркы учурда чоң мааниге ээ, себеби бул кызматтын ишмердүүлүгү көптөгөн жеке жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарына таасир этет, соттордун имараттарында, залдарында жана жайларында коомдук тартипти камсыз кылууга жана сактоого, процесстик аракеттерди аткарууда сотко көмөк көрсөтүүгө, аткаруу иш-аракеттерин жүргүзүү учурунда сот аткаруучуларына көмөк көрсөтүүгө, ошондой эле судьяларды жана процесстин башка катышуучуларын коргоого, мыйзамдарды аткарууга жана жарандар менен уюмдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыз кылууга багытталган.

Сот приставы:

1) сот жыйналышынын залында тийиштүү тартипти камсыз кылат жана Укук бузуулар жөнүндө кодекске ылайык жаза колдонот;

2) сот жыйналышынын залында катышкан адамдардын тартипти сактоосуна көз салат;

3) төрагалык кылуучунун сот жыйналышында тартипти бузган адамдарды сот залынан чыгаруу жөнүндө буйруктарын аткарат;

4) сот процессине катышуучулардын келишин камсыз кылууга байланыштуу төрагалык кылуучунун буйруктарын аткарат.

Ушул беренеде каралган милдеттерди аткаруу менен байланышкан сот приставынын талаптары сот отурумунун залындагы бардык адамдар үчүн милдеттүү болуп саналат.

Практика көрсөткөндөй, сот приставдарынын кызматынын ишинин негизги жүгү соттордун имараттарында, залдарында жана жайларында коомдук тартипти сактоого, процесстик иш-аракеттерди аткарууда сотко көмөк көрсөтүүгө багытталган.

Бул кызматтын алдында турган милдеттерди чечүү үчүн сот приставдары өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар функцияларды жана ыйгарым укуктарга ээ болушат. Сот приставдарынын күч түзүмдөрүнө гана мүнөздүү бир катар ыйгарым укуктары бар. Алар кырдаал талап кылса, физикалык күчтү, атайын каражаттарды, ал тургай табелдик куралды колдоно алышат.

## 1.2. Сот приставдары кызматынын ишин уюштуруу жана алардын ишине контроль жүргүзүү.

Сот приставдары бийликтин сот бутагынын тутумундагы ыйгарым укуктуу органынын алдында турат. Сот приставдары кызматынын бөлүмдөрү ыйгарым укуктуу орган тарабынан түзүлөт.

Сот приставдары кызматына түздөн-түз КР Жогорку Сотунун алдындагы Сот департаменти жетекчилик кылат.

Сот приставдары кызматынын аймактык органдарын ушул субъекттердин улук сот приставдары башкарат. Мисалы, Ош областынын Сот приставдары кызматынын улук сот приставы - Ош областынын  башкы сот приставы. Ыйгарым укуктуу орган:

- сот приставдарынын ишин уюштурат;
- өзүнүн карамагында турган сот приставдары кызматынын ишин координациялоону жана контролдоону, ошондой эле ушул кызматтын иш чөйрөсүнө тиешелүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча функцияларды жүзөгө ашырат;
- сот приставдарынын кадрларын окутат, алардын кесиптик жана атайын даярдыгын жогорулатат;
- сот приставдарынын ишинин практикасын жалпылайт, ошонун негизинде усулдук сунуштамаларды иштеп чыгат;
- сот приставдарынын ишин статистикалык эсепке алууну жүргүзөт;
- башка мамлекеттик жана укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылат;
- сот приставдары кызматтын материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну ишке ашырат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы тарабынан белгиленген сот приставдары кызматынын бөлүмдөрүнүн түзүмүн жана штаттык ыраатамасын Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши менен макулдашуу боюнча ыйгарым укуктуу органдын жетекчиси бекитет.

*КР Жогорку сотунда жана КР Конституциялык сотунда сот приставдарынын ишин уюштуруу соттордун ишинин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат.*

## 1.4. Сот приставынын ишин уюштуруу боюнча ыйгарым укуктары

**Башкы сот приставы** ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин орун басары болуп саналат жана республиканын сот приставдары кызматын башкарат.

***Башкы сот приставынын ыйгарым укуктары*:**

- сот приставдарына жүктөлгөн милдеттерди аткаруу боюнча сот приставдары кызматынын ишине жалпы жетекчиликти жана контролдоону жүзөгө ашырат;
- сот приставдары кызматтарынын ишин уюштуруу маселелери боюнча буйруктарды, тескемелерди чыгарат;
- өзүнүн компетенциясынын чегинде мамлекеттик жана муниципалдык органдар, анын ичинде укук коргоо органдары менен, ошондой эле эл аралык уюмдар жана менчигинин түрүнө карабастан башка уюмдар менен өз ара аракеттенүүнү жана ишти ведомстволор аралык координациялоону камсыз кылат, ушул максатта кеңеш берүүчү жана консультациялык органдарды түзүүгө, статистикалык жана башка зарыл маалыматтарды суратууга укуктуу;
- “Сот приставдары жөнүндө” Мыйзамда, ошондой эле аларга ылайык кабыл алынган башка ченемдик укуктук актыларда, сот бийлик органдарынын ички ишинин маселелерин жөнгө салуучу актыларда каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

***Улук сот приставынын ыйгарым укугу***

***Облаттын жана Бишкек шаарынын улук сот приставы*** тиешелүү аймактарда сот приставдары кызматынын бардык түзүмдүк бөлүмдөрүн башкарат жана жетектейт жана КР Башкы приставына, КР Жогорку Сотунун алдындагы Сот департаментинин тиешелүү областык башкармалыгынын башчысына баш ийет.

Улук сот приставы:

- сот приставдарына жүктөлгөн милдеттерди аткаруу боюнча тиешелүү аймакта сот приставдар кызматынын бөлүмдөрүнүн ишине тикелей жетекчиликти, контролдоону жүзөгө ашырат жана алардын ишин уюштурат;
- соттордун төрагалары менен өз ара аракеттенет, конкреттүү шарттарды эске алуу менен алар менен сот имараттарын, кеңешүүчү бөлмөлөрүн жана сот жайларын коргоонун тартибин макулдашат;
- сот приставдары кызматынын ишин уюштуруу маселелери боюнча буйруктарды, тескемелерди чыгарат;

- сот приставдары кызматынын бөлүмүнүн улук сот приставынын, сот приставынын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келбеген чечимин же аракетин жокко чыгарууга же өзгөртүүгө укуктуу;
- мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, уюмдардын ишин ведомстволор аралык координациялоону камсыздайт, бул максаттарда кеңеш берүүчү жана консультациялык органдарды түзүүгө, статистикалык жана башка зарыл маалыматтарды сурап алууга укуктуу;
- "Сот приставдары жөнүндө" Мыйзамда, аткаруу өндүрүшүн жөнгө салган мыйзамда, ошондой эле аларга ылайык кабыл алынган башка ченемдик укуктук актыларда, сот бийлигинин органдарынын ички иштеринин маселелерин жөнгө салган актыларда каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

***Сот приставдары кызматынын бөлүмүнүн улук сот приставы сот приставдарынын тиешелүү (райондук, шаардык, райондор аралык) кызматтарын жетектейт.***

Сот приставдары кызматынын бөлүмүнүн улук сот приставы:

- сот приставдары кызматынын бөлүмүнүн ишин уюштурат;
- сот приставдарына жүктөлгөн милдеттерди аткаруу боюнча сот приставдарынын баш ийүүсүндөгү иштерди уюштурат жана контролдойт;
- соттун имараттарын, жайларын күнү-түнү күзөтүү жөнүндө чечим кабыл алынган учурда ушундай күзөттү уюштурат;
- сот приставдарына жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн соттордун төрагалары менен өз ара аракеттенет;
- республиканын жана тиешелүү аймактардын сот приставдары кызматынын имараттарын, жайларын күзөтүү боюнча иштерди уюштурат;
- сот приставдары кызматынын бөлүмдөрүнүн ишин уюштуруу маселелери боюнча буйруктарды жана тескемелерди чыгарат;
- сот приставдары кызматынын бөлүмүнүн кызмат адамынын (сот приставынын) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келбеген чечимин жокко чыгарууга же өзгөртүүгө укуктуу;
- сот приставдары кызматынын бөлүмдөрүнүн убактылуу тескөөсүнө келип түшкөн каражаттардын (сот приставдары кызматынын бөлүмдөрүнүн депозиттик эсептерин) эсепке алуу боюнча анын эсебинде болгон акча каражаттарынын тескөөчүсү болуп саналат;
- зарыл болгон учурда сот приставынын милдеттерин аткарат;

- соттук аткаруучуларга көмөк көрсөтөт;
- ушул Мыйзамда, аткаруу өндүрүшүн жөнгө салган мыйзамда, ошондой эле аларга ылайык кабыл алынган башка ченемдик укуктук актыларда каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

***Бөлүмдү текшерүү ишке ашырылат:***

- областтын жана Бишкек шаарынын улук сот приставы – квартал сайын
- Башкы сот приставы тарабынан– жылына эки жолудан кем эмес
- СПКнын ишин уюштуруу жана контролдоо башкармалыгынын башчысы тарабынан –зарылдыгына жараша
- СПКнын ишин уюштуруу жана контролдоо башкармалыгынын кызматчылары, тиешелүү областын Сот приставдары кызматынын кызматкерлери тарабынан – тиешелүү тапшырмалар боюнча
- тиешелүү бөлүмдүн улук сот приставы тарабынан -күн сайын

Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы текшерүүчүлөрдүн сын-пикирлерин жана сунуштарын эсепке алуу китебине жазылат.

# 2-ГЛАВА. СОТ ПРИСТАВДАРЫНЫН СОТТОРДУН ЖАНА УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТ АДАМДАРЫ, СОТ АТКАРУУЧУЛАР МЕНЕН АЛАРДЫН КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИН АТКАРУУ ПРОЦЕССИНДЕ ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮНҮН ТАРТИБИ

Сот приставдары өз ишин Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин укуктук актыларына, ошондой эле Кыргыз
Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментинин 2018-жылдын 25-сентябрындагы №574 буйругу менен бекитилген, сот приставдары тарабынан сот жыйналыштарында соттун төрагасынын, судьянын же төрагалык кылуучунун буйруктарын аткаруу жана сот приставдарынын соттордун ишинин белгиленген тартибин камсыз кылуу жана аткаруу өндүрүшүнө катышуу боюнча милдеттерди аткарууда кызмат адамдары жана жарандар менен өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө нускамага ылайык жүзөгө ашырат.

**2.1. Соттордун төрагалары, укук коргоо органдарынын кызмат адамдары менен өз ара аракеттенүү.**

Сот приставдары кызматынын аймактык бөлүмүнүн жетекчиси - улук сот приставы:

- соттордун коопсуздугун жана ишинин белгиленген тартибин камсыз кылуу маселелери боюнча соттордун төрагалары, Сот департаментинин аймактык башкармалыгынын, КР ӨКМдин, КР ИИМинин, КР УКМКнын аймактык органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, муниципалдык кызматтардын жана башка уюмдардын жетекчилиги менен өз ара аракеттенүүнү уюштурат.
- судьянын тапшырмасы боюнча кылмыш-жаза ишин жана буюм далилдерди сот жыйналышы өткөрүлгөн жерге жеткирүүнүн коопсуздугун камсыз кылууну уюштурат жана жеткирүүнү көзөмөлдөйт.
- соттун имаратында, жайында коомдук тартипти сактоо менен байланышкан соттун төрагасынын, сот жыйналышында төрагалык кылган судьянын коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча тескемесинин аткарылышын уюштурат жана контролдойт.
- соттун төрагасы менен макулдашуу боюнча ар бир сот имараты, жайы үчүн посттордун табелин өзүнчө иштеп чыгат жана бекитет.
- камакка алынган адамдарды коштоону жана (же) кайтарууну жүзөгө ашырган ички иштер органдарынын кызматкерлери, аскер бөлүктөрүнүн (бөлүмдөрдүн) аскер кызматчылары жана башка адамдар менен кайтарылуучу адамдарды кайтаруу жана алардын коопсуздук маселелери боюнча өз ара аракеттенүүнү уюштурат.

Камакка алынган адамдарды коштоону жана (же) кайтарууну жүзөгө ашырган ички иштер органдарынын кызматкерлери, аскер бөлүктөрүнүн (бөлүмдөрдүн) аскер кызматчылары жана башка адамдар менен кайтарылуучу адамдарды кайтаруу жана алардын коопсуздук маселелери боюнча өз ара аракеттенүүдө, сот приставы конвойдун (кароолдун) башчысы менен өз ара аракеттенет.

Сот жыйналышында сот приставы жазык сот өндүрүшүнүн катышуучусу болуп саналат:

- сот отурумунун залында тиешелүү тартипти камсыз кылат жана Бузуулар жөнүндө кодекске ылайык жаза чарасын дайындайт;

- сот отурумунун залындагы адамдардын тартипти сакташын көзөмөлдөйт;

- төрагалык кылуучунун сот отурумунда тартипти бузган адамдардын сот залынан чыгып кетүүсү жөнүндө буйругун аткарат;

- төрагалык кылуучунун сот процессинин катышуучуларынын келүүсүн камсыз кылуу менен байланышкан буйруктарын аткарат.

## 2.2. Сот аткаруучуларга көмөк көрсөтүү.

Сот аткаруучуларынын кызматтык милдеттерин аткарууда алардын коопсуздугун камсыз кылуу жана көмөк көрсөтүү зарыл болгон учурда, аталган адамдар сот приставдарын тартуу күнүнө чейин 2 суткадан кечиктирилбестен (кечиктирүүгө болбой турган учурларды кошпогондо) улук сот приставына арыз берүүгө тийиш. Бул арыз журналга катталат.

Андан кийин, улук сот аткаруучусу коопсуздукту камсыз кылуу жана сот аткаруучуларына жардам берүү үчүн сот приставдарын тартуу жөнүндө чечим кабыл алат, ошондой эле алардын санын аныктайт.

Сот аткаруучулардын кызматтык милдеттерин аткарууда коопсуздугун камсыз кылуунун алдында улук сот приставы кызмат адамдарынын жана сот приставдарынын өз ара аракеттенүүсүн уюштурат, инструктаж өткөрөт жана сот приставдар тобунун улугун дайындайт.

Сот приставы же сот приставдарынын тобу сот аткаруучулар менен бирге акыркылардын кызматтык милдеттерин аткарган жерге барышат жана алардын өмүрүнө жана ден соолугуна кол салуулардын алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча бардык зарыл чараларды көрүшөт, кызматтык документтердин сакталышын камсыз кылышат.

Аткаруу иш-аракеттерин жүргүзүү учурунда сот аткаруучуларга көмөк көрсөтүүдө сот приставы сот аткаруучу менен өз ара аракеттенет.

Коопсуздукту камсыз кылуунун жана сот аткаруучуларга көмөк көрсөтүүнүн натыйжалары жөнүндө сот приставы улук сот приставына баяндайт, ал эми окуялар болгон учурда жазуу жүзүндө билдирет

## 2.3. Кызмат адамдары жана жарандар менен өз ара аракеттенүү.

Кызматтык милдеттерин аткарууда сот приставы төш белгиси бар формада болууга, кызматтык ырастамасын алып жүрүүгө тийиш.

Кызмат адамынын же жарандын талабы боюнча кызматтык күбөлүктү ачык түрдө көрсөтүүгө, бирок аны колунан чыгарбоого милдеттүү.

Сот приставы мыйзамдуулукту сактоого, мыйзам бузуулардын алдын алууда жана бөгөт коюуда бекем, чечкиндүү болууга жана ошол эле учурда жарандарга жана кызмат адамдарына карата кунт коюп, достук жана сый мамиле кылууга тийиш.

Ошондой эле ал сылык, объективдүү жана адептүү болууга милдеттүү. Өзүнүн талаптарын жана сын-пикирлерин туура эмес же эки башкача түшүнүп алуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарып, ишенимдүү жана түшүнүктүү түрдө баяндоого тийиш.

Чыр-чатактуу кырдаалдар, дооматтар пайда болгон учурда же сот, аткаруу өндүрүшүнүн катышуучуларынын талабы боюнча сот приставы өзүнүн иш-аракеттерине даттануу тартибин түшүндүрүүгө тийиш.

Судьяларды, сот арачыларын жана сот процессинин башка катышуучуларын кайтарууда сот приставы төрагалык кылуучу судьяга баш ийет.

**Сот приставынын мыйзамдуу талаптары Кыргыз Республикасынын аймагында бардык жеке жана юридикалык жактардын, ошондой эле кызмат адамдарынын, органдардын жана уюмдардын аткаруусу үчүн милдеттүү.**

Сот приставынын мыйзамдуу талаптарын аткарбоо, кордоо, каршылык көрсөтүү, коркутуп-үркүтүү, анын өмүрүнө, ден соолугуна кол салуу, ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирүү, ага жүктөлгөн милдеттерди аткарууга тоскоолдук кылуучу башка аракеттер, ошондой эле сот приставынын кызматтык милдетин аткаруусуна байланыштуу сот приставынын үй-бүлө мүчөлөрүнө жана жакын тууганадарына кол салуу мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

Сот приставы өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде чечимдерди өз алдынча кабыл алат жана өзүнүн аракеттери же аракетсиздиги үчүн жоопкерчилик тартат.

Анын чечимдери, аракеттери (аракетсиздиги) сот приставдары кызматынын бөлүмүнүн улук сот приставына же тиешелүү областтын улук сот приставына, Башкы сот приставына же сотко даттанылышы мүмкүн.

## КОНТРОЛДУК СУРООЛОР

1. КР КЖПКнын кайсы беренесинде сот приставынын ыйгарым укуктары каралган?
2. Бөлүмдүн улук сот приставы кандай чечимдерди кабыл алат?
3. Башкы сот приставы тарабынан сот приставдарынын бөлүмдөрүн текшерүү канча жолу жүргүзүлөт?
4. Сот приставдары кызматында жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы кайсы жерде жазылат?
5. Сот приставынын иш-аракеттери даттанылууга жатабы?
6. Кайсы органга сот приставынын иш-аракеттерине даттанууга болот?
7. Кайсы орган Башкы сот приставын дайындайт?
8. Ким улук сот приставын дайындайт?
9. Сот кызмат адамдары менен кайсы сот приставы өз ара аракеттенет?
10. Сот приставы сот аткаруучулар менен кандай өз ара аракеттенет?
11. Сот приставдарынын иши кайсы ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынат?
12. Сот жыйналышында соттун төрагасынын, судьянын же төрагалык кылуучунун тескемелерин сот приставдарынын аткаруу тартиби кайсы документте каралган?
13. Сот жыйналышынын залындагы тартип бузуучуларга карата сот приставы тарабынан кандай чаралар көрүлүшү мүмкүн?
14. "Сот приставдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы качан кабыл алынган?

## ТАПШЫРМАЛАР

### № 1 тапшырма

Сокулук райондук сотунда соттук териштирүүнүн жүрүшүндө, мамлекеттик айыптоочунун өтүнүчү боюнча, судья тарабынан Киселев Владимирди жана Турсункулов Максатты сот жыйналышынын залына мажбурлап алып келүү жөнүндө токтом чыгарылган. Бул токтомдун аткарылышы Чүй областынын Сокулук районундагы сот приставдарынын бөлүмүнө тапшырылган.

***Суроолор:***

1. Соттун чечимин ким аткарышы керек?

2. Сот приставы кандай чараларды кабыл алууга тийиш?

3. Ал (алар) соттун токтомунун аткарылышы же аткарылбагандыгы жөнүндө кимге отчет берүүгө тийиш?

### № 2 тапшырма

Соттун өкүмүн жарыялаганда камакка алынган айыпталуучу Таласбаев Урмат алдын ала даярдалган лезвияны алып, колундагы тамырын кесип, жабырлануучуну бычактап салам деп коркуткан. Кароолдун курамына кирген жоокерлердин бири сот приставынан айыпкерге биринчи жардам көрсөтүүгө көмөк көрсөтүүнү жана андан лезвияны алууга жардам берүүнү суранган.

***Суроолор:***

1. Бул кырдаалда сот приставы эмне кылышы керек?

2. Сот приставы окуя жөнүндө кимге жана кандай формада билдирүүгө тийиш?